**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**

**ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ**
**ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ**
**ТАМГА АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**

**ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ ТАМГИНСКОГО**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

Эл депутаттарынын Тамга айылдык Кеңешинин XXVIII
чакырылышынын X сессиясы

ТОКТОМ

2022-жылдын 24-январындагы № 5 Тамга айылы

**"Токсо-Булак" ИСКАКБнин**
**кайрылуусу жөнүндө**

Тосор айылынын "Токсо-Булак" ичүүчү сууну колдонуучулардын айылдык коомдук бирикмесинин кайрылуусун, айылдык кеңешинин депутаттары карап жана талкуулап чыгып, Тамга айылдык кеңешинин XXVIII-чакырылышынын X -сессиясы токтом кылат:

1. "Токсо-Булак" ичүүчү сууну колдонуучулардын айылдык коомдук бирикмесинин кайрылуусун эске алып, Тосор айылынын таза суу пайдалануучулардын эреже бузууларына бөгөт койуу максатында, эреже бузууларга айып пул салууга тарифтерди жана суу пайдалануучулар менен келишим түзүүдө, бир сапар алынуучу техникалык шарттамалардын өлчөмү төмөндөгүдөй бекитилип берилсин:

1. Колонкаларды сындырса – 1000 сом;
2. Автоунаа жуугандарга – 500 сом;
3. Шакекчелердин ичине кирип винтельди бурап же сындырса – 7 000 сом;
4. Шланг чоюп жер тилкелериндеги жашылчаларын сугаргандарга – 1500 сом;
5. Өз алдынча суу түтүгүн кошкондорго – 4000 сом;
6. Булактан ташып ичип жатам, өзүмдүн короомдор жеке суум бар деген айыл тургундарынын суу түтүгү кесилсин;
7. Жайкы сезондо эс алуучуларды кабыл алган суу пайдалануучуларга киши жаткан ордуларына жараша келишим негизинде төлөнсүн;
8. Ишкананын жумушчулары ар бир үйгө кирип ичүүчү суу аккан суу түтүгүн текшерүүгө укуктуу болсун;
9. Короосундагы колонкаларды бузук абалда пайдаланып жөнү жок сууну агызып салган учурда – 2000 сом;
10. Ушул учурга чейин ичүүчү суута болгон төлөмдөрдү төлөбөгөн суу пайдалануучуга эскертүү берилип, эгерде мындан ары төлөбөсө мыйзам чегинде чара көрүлсүн;
11. Автоунаа жуучу жайларды иштеткен кардарлар 1 айына 2000 сомдон жана жай мезгилинде 3000 сомдон төлөнсүн;
12. Жаңыдан ичүүчү суу түтүгүнө кошулам деген кардарларга 3000 сомдон төлөп тиешелүү иш кагаздарын жана уруксаатын алып кошулсун;

2. Токтомдун аткарылышын ишке ашыруу жагы Тамга айылдык аймагынын айыл өкмөт башчысы А.К.Дуйшембиевге тапшырылсын.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин финансы-экономикалык маселелер боюнча туруктуу комиссиясына милдеттендирилсин.

Төрагасы: А.Букаров